**ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

УДК:82.091:82-3(575.2)(045)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-3-8

**Бариева А.Ж., Молдалиева Н.А.**
И. Раззаков атындагы КМТУ, кыргыз тили кафедрасы, улук окутуучу,
И. Раззаков атындагы КМТУ, кыргыз тили кафедрасы, улук окутуучу
**Бариева А.Ж., Молдалиева Н.А.**
КГТУ им. И.Раззакова, кафедра кыргызского языка, старший преподаватель,
КГТУ им. И.Раззакова, кафедра кыргызского языка, старший преподаватель
**Barieva A.Zh., Moldalieva N.A.**
KSTU I.Razzakov, Department of Kyrgyz Language, Senior lecturer,
KSTU I.Razzakov, Department of Kyrgyz Language, Senior lecturer

# Ч.АЙТМАТОВДУН “ САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ” ПОВЕСТИНДЕГИ ОБРАЗДАР СИСТЕМАСЫ
# СИСТЕМА ОБРАЗОВ В ПОВЕСТИ Ч.АЙТМАТОВА” МЛЕЧНЫЙ ПУТЬ"
# THE SYSTEM OF IMAGES IN THE STORY OF CH. AITMATOV ”THE MILKY WAY"

**Аннотация:** Бул макалада Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги каармандардын образдарына токтолдук. Себеби мыкты жазылган чыгармалардын баарында жазуучулар мыкты сапатка ээ болгон, элдин мүдөөсү үчүн жаралган, мекенчил, ак ниет, эмгекчил каармандардын мүнөзүн чагылдырат. Бул да болсо көркөм образдарды окутуу менен бирге студенттерге туура тарбия берүүнүн ыкмасы болуп саналат.

**Аннотация:** В этой статье, остановилась на образах персонажей рассказе Ч. Айтматова “Млечный Путь”. Потому что во всех хорошо написанных произведениях писателей, обладающие выдающимися качествами, рожденные для всеобщего блага, отражают характер патриотических, добросовестных, трудолюбивых персонажей. Тем не менее, это метод правильного обучения студентов наряду с преподаванием художественных образов.

**Abstract:** In this article, I stopped at the images of the characters in Ch. Aitmatov's story “The Milky Way". Because in all well-written works of writers with outstanding qualities, born for the common good, reflect the character of patriotic, conscientious, hardworking characters.Nevertheless, it is a method of proper teaching of students along with the teaching of artistic images.

**Негизги сөздөр:** образ, мүнөз, система, чыгарма, повесть, коом, мүнөз.

**Ключевые слова:** образ, персонаж, система, произведение, повесть, общество, характер.

**Keywords:** image, character, system, work, novel, society, character.

Көркөм адабияттын, көркөм чыгарманын коомдук, турмуштук, тарбиялык мааниси өтө кеңири жана терең. Көркөм чыгармалар көп учурда биз көрбөгөн турмуштук окуялардан кабар берет. Ал турмуштун адамдары, алардын турмуш тиричиликтери, жашоо мыйзамдары, социалдык абалдары, шарттары менен бизди тааныштырат, көрбөгөнүбүздү көргөзөт да,

билбегенибизди билгизет. Адабият тарыхый процесстин активдүү күчү болуп эсептелет. Андыктан адабият мугалими, тарыхты, анын ичинен өз элинин тарыхын, маданиятын мыкты билүүсү шарт.

Чыңгыз Айтматов проза жанрына ири ийгиликтер, жаңы ыкмалар, көркөм табылгалар, оригиналдуу ойлор, ири көйгөйлүү маселелерди көтөрүү менен бир келип, кеткен улуу жазуучу. Ал өз каармандарынын жүрүш – турушунда, кулк мүнөзүндө, ой чабытында, көз карашында ошол учурдун адамдарынын идеялдарынын образдарын чагылдыруу сыяктуу орчундуу милдеттерди аткарууну өз парзы катары кабыл алган. Согуштун катаал жылдарындагы оор эмгекти Ч.Айтматов коомдук иш катарында көрүп, советтик адамдардын туруктуулугун, чыдамкайлыгын, эрктүүлүгүн өз чыгармаларында кеңири баяндайт. Дал ошол чыгармаларынын бири “Саманчынын жолу” повести.

“Саманчынын жолу” повестинин каарманы – эмгек. Эмгек повестте символикалык образдар – Эне менен Жердин бөлүнгүс маңызын түзүп, философиялык боёк берет. Чыңгыз Айтматов өзүнүн макалаларынын биринде мындай деп жазган: “Мен селолук темада дагы бир чыгарма жазып бүттүм, бул менин дыйкан жөнүндөгү интеллектуалдык поэмам”- деп айткан. Ч.Айтматовдун дыйкан жөнүндөгү “Саманчынын жолу” повестинде согуш менен тынчтыктын айырмасын асман менен жердей көкөлөтүп көрсөтүп, согуш бүлүктү, кыйроону, азап –тозокту, кайгы-капаны, муң –зарды, түбөлүк эстен кеткис каргашалуу окуяларды алып келип, тынчтык ага карама каршы бакты – таалайды, берекелүү бейпил турмушту жыргалчылыкты, шаңдуу шайыр күндү, адамдын көңүлүн куунаткан жыргал заманды алып келерин көрсөткөн. Мындагы терең философия, көркөмдүк ыкма, чыгарманын бүт тулку бою болгон, эненин жер менен болгон аңгемесинде өтө оригиналдуу, көркөм чеберчиликте, сейрек кездеше турган көрүнүш катары сүрөттөлгөн.

Чыгармадагы бизди кызыктырган маселе –каармандар. Бул көркөм адабияттагы эң өзөктүү, негизги, а түгүл татаал маселелердин бири. Чыгармада кимиси оң каарман? Ал кандай болушу керек? Оң каарман сөзсүз эле калыпка салган тип болушу да мүмкүн эмес. Алар ар бир доордун конкреттүү мүнөздөрүн, белгилүү көз караштарын камтыган беделдүү азаматтар. Ал эми образдарга токтолууда, алардын эң мыкты сапаттарын айтып окутуу менен бирге, илим менен техника өнүгүп, бүткүл жер жүзүндөгү адамдар оор түйшүктөрдөн арылып, виртуалдык дүйнөгө азгырылып баратканда, келечек муундарыбызга адбий чыгармаларды окутуу менен бирдикте тарбиялык ишин кошо жүргүзүп кетүүбүз абзел. Образдардагы тиешелүү цитаталарды көркөм окуп берүү студенттерге тиешелүү ыкмалардын бири. Ошондой эле студенттерге чыгармалардан айрым үзүндүлөрдү жаттоону жана көркөм окууну сунуштоо алардын тил байлыгын өстүрүүгө көмөк болоорун эстен чыгарбообуз зарыл. Эпикалык философиясы күчтүү “Саманчынын жолу” повестинин башкы каарманы – Толгонай. Анын жылдыздуу асманга карап ой жүгүртүүсүнөн, анын Жер менен болгон аңгемелешүүсүнөн жазуучу конкреттүү терең мазмундуу эч кайталангыс көркөм жалпылоочу мыкты образ жараткан. Чыгармада негизги сөздү адам – Толгонай эне сүйлөйт. Толгонай эненин ким экендиги окурмандын көзүнө даана элестейт. Адамдын улуулугун, адамдын акылмандуулугун, Жер эне Толгонай энеге баса көрсөтөт. Толгонай эне карып, согуштун кесепетинен кайгы – капалуу турмушту башынан өткөрүп, күйөөсү Субанкул, ак сүтүн берип алдейлеп чоңойткон уулдары Касым, Майсалбек, Жайнак жана акыл эстүү, жанына күйүмдүү келини Алимандан ажыраса да, эч качан келечектен үмүт үзбөйт, мөгдүрөп, көз жашын көлдөтүп отуруп албайт. Ал совет өкмөтүнүн камкордугуна чын

пейили менен ишенген, жашынан эмгекти сүйгөн, кайраттуу, эмгекчил, ошол эмгегинин аркасы менен элинин кадыр баркына ээ болгон аялдардан. Автор жогоруда айтылгандай Толгонай эненин бейнесин жаш кезинен тартып, карыган мезгилге чейин басып өткөн жашоосун эмгек менен эриш – аркак байланыштырып көрсөтөт. Аял - үйдүн туткасы, куту сыймыгы деп – эл бекеринен айтпайт. Чыгармада Толгонай эне келинине болгон мамилесин дароо эле ача салбайт. Адегенде ал келининин жароокерлигин көрүп ыраазы болот. Жакшы жубай болот экен деп кубанат. Бара –бара бул сезим, келин менен кайнененин ортосундагы чоң сүйүүгө айланат. Мына ошондуктан эне бир жагынан андан ажырагысы келбесе, экинчи жагынан аны аяп, бири – биринен күч жагынан кем калышпаган эки сезимдин ортосунда азап тартып кыйналат. Толгонай да аял катары өз түтүнүн булатып, үй - бүлөсүнүн кадырлоосуна ээ болуп, Субанкулу менен таттуу турмушта жашап, Касым, Майсалбек , Жайнак уулдарын татыктуу тарбиялап өстүрүшөт. Уулдары да ата – энесинин айткандарын эстүүлүк менен угуп, кайрымдуу, эмгекчил балдардан болуп чоңоюшат. Жогоруда белгилегендей, повесттин бүткүл нерв системасын бириктирип турган образ - Толгонайдын образы. Анын тагдыры-элдин тагдыры, мүдөөсү, ой – санаасы. Айтматов Толгонайдын образы аркылуу кыргыз аялдарынын гана эмес, бүткүл адамзаттын энелеринин мүнөзүн, тагдырын, ой-тилегин, мээримин чагылдырат. Толгонай совет доорунун эң иштерман алдыңкы аялы. Керек болсо биздин элибиздин басып өткөн тарыхы, ийгилиги, кыйынчылыгы ушул аялдын жүрөгү аркылуу сызылып өткөн. Ал күйөөсү, үч уулу кан күйгөн майданда жүргөндө да, кайратынан жазбай, колхоздо бригадир болуп эл башкарат. Жетим- жесирлердин азабын, көз жашын бөлүшөт.Элди эмгекке шыктандырып, эмгек менен жоодон өч алууга үндөйт. Касым менен күйөөсүнүн каза болгонун бир күндө угат. Ээн үйдө эки жесир бирин – бири карап оокат кылышат.Толгонай эне менен келини Алиман ынтымактуу жашайт. Ал экөө жакшылык, жамандыкты тең көрүшөт.Толгонай эне Алиманга жалынып – жалбарып, мээримдүү, ыймандуу келин экенине ыраазы болот. Автор Толгонай эненин сөзү боюнча:” Мүнөзүңдөн айланайын , өткүн жаандай түрүңдөн айланайыным, кылык – жоругуңдан болоюнум! Кандай ырыстуу жубай болмок элең деп, жүрөгүм элжиреп, Алимандын сүйкүмдүүлүгүнө тойбодум”-дейт. Толгонайдын ушинтип жанындай сүйгөн келини да төрөттөн каза болот. Жалп этип окко учпаса да, күлмүңдөгөн сүйкүмдүү келини Алимандын армандуу өлүмүнө да, ошол кан жуткан согуш себепкер. Ушинтип согуш Толгонайдын күйөөсүн, балдарын эле алып тим болбой, жанындагы эң акыркы жалгыз адамын да алып тынат. Канчалык кыйынчылыкка көнгөн болсо да, Толгонайга бул жоготуу оор тиет. Ооба, кандай гана алаамат күндөр өтпөсүн, курмандыктар болбосун, өмүр түгөнүп калбайт, турмуштун суусу соолбойт. Бирок турмуш күчсүздөрдү, күрөштөн корккондорду тепсендиде калтырат. Турмушту күчтүүлөөр, күрөшкөндөр жаратат.Толгонай мына ошондой күчтүү адамдардан. Ал турмуштун кулу эмес- ээси. Ошондуктан баарына чыдайт, баарын көтөрөт. Башына түшкөн оордуктарга карабастан өмүрдөн, келечек жашоодон үмүт үзбөйт. Жалгыз келини Алимандан жаңылыш туулган, өткөн күндүн, өткөн согуштун керээзи – небереси Жанболот туурап берген керосин, саман, күн жыттанган нанды жеп отуруп Толгонай: “Нан өлбөйт экен го, турмуш өлбөйт экен го, эмгек өлбөйт экен го” –деп ойлойт. Толгонай эненин образы повесттин бүтүндөй ийгилигин белгилейт. Ал өзүнүн кайраттуулугу, адамкерчиликтүүлүгү менен Алимандан калган Жанболотко гумандуу мамиле жасап, тарбиялап жанындай көрөт. Ошентип, карапайым кайраттуу кыргыз аялынын тагдыры адамзаттык мааниге көтөрүлүп, анын образы жер үстүндөгү бардык энелердин

жалпылаштырылган залкар образына айланган. Повесттеги “Жер эненин” образы - көптү көргөн, көп нерсеге күбө, адам баласынын жакшы тилектеринин тилектеш, акылчысы, кеңешчиси, эмгекти сүйгөндөрдү барктап, согуштун душманы, тынчтыкты, бактылуу турмушту, элдердин ортосундагы достукту каалаган акылман катарында көрсөтүлөт. Мында жер кадимки космонавттар айланып учкан жер планетасы эмес, ал чыгармадагы окуяга бир эле убакта сүрөткердин тарткан пейзажынын бир тилкеси болсо, бирде кылаң бышкан эгин талаасы, чарчап чаалыкканда кере демалып, чалкалап эс алып жаткан алакандай кара жер болуп да катышат. “ Саманчынын жолунда” Толгонай эне менен Жер эненин сүйлөшүүсү алардын образын кеңири ачууга көмөктөш болот. Чыгармадагы Жер эне бирде баарын билген даанышман болсо, бирде Толгонай эненин суроосуна буйдалып жооп бере албай калган кадимки адам катары да сүрөттөлөт. Кээде жалгызсырап күңүрттө калат. Кара күчтү ичине каткан калдайган калың жер акындардан мөөрөй талашып, Толгонайдын жаш курагын эстегенде чыныгы поэтикалык талкуу менен төмөнкү сөздөрдү узатат. “Сен анда ак саргылыңан келип, маңкайып толуп турган кезиң. Сен анда көлөкөңдү карап басчусуң. Өзгөчө эртең мененки көлөкөң так өзүңдөй сымбаттуу жеңил боло турган”-дейт. Жер көбүнчө интервью алган корреспонденттин ролун аткарат. Анын ар бир деталы кыйкырат, ар бир деталы сүйлөйт, ар бир деталы ишендирет, фантазияны жандандырат. Жер эне согуштун башталышын, анын эстен чыкпай дененсинде так болуп калганын, Толгонай энеге төкпөй – чачпай айтат. - Ооба Толгонай, ошол чабармандын дүбүртү али да сууй электей кулагыма угулуп, аттын туяктары тийген издер берч болуп сакталып калды. Ушундан улам Жер эненин дагы адамдар тарткан азап -тозокту кошо тартып, согуштан анын жүзүндө дагы кетпес так каларын белгилеп, адамзатына чакырык иретинде кайрылып: Тынчтыкта жашагыла, кан төкпөгүлө! - деген жалындуу чакырыгы уккандын кулагына уюгудай күчкө ээ болот. Жер повестте диалогду кармаш үчүн, же жетелеме суроолор менен Толгонайды чечилте сүйлөтүү үчүн гана киргизилген эмес. Повестте жер катышпаса, ал мынчалык жалпылоочу күчкө ээ боло алмак эмес. Жер Эне Толгонай менен сүйлөшүүсүндө жер үстүндө дайыма адамдар бири – бири менен согушуп, өзүлөрүнүн иштеп чыккан эң сонун байлыктарын кыйратып жок кылганын айтып, бүткүл адамзатты тынчтыкка үндөйт. Согуш чыккан сайын адамдарга кармашпагыла, кан төккөнчө акыл токтоткула деп айтаарын баса белгилейт. Азыр да айтаарым ушул. - “Эй адамдар, силерге эмне керек? Жерби? Мына мен жермин, мен бардык адам баласына теңмин, мага талашыңардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар, жүз дан кылып берем,чырпык сайсаңар чынар кылып берем, мал жайсаңар чөп болуп берем,там тургузсаңар дубал болуп берем, урук – тукумуңар көбөйсо, баарыңарга жай болуп берем! Мен түгөнбөймүн, карыбаймын, мен кенчмин баарыңарга тегиз жетем.Ал эми Толгонай адам баласы тынчтыкта жашай алабы, жокпу? – дейсиң. Өзүң ойлоп көрчү, ал менден эмес, ал силерден, адам баласынын өзүнөн ынтымагыңардан, ыктыярыңардан, акылыңардан . Согуштун азабын мен тартпайт дейсиңерби? Майданда курман болгон мээнеткечтеримден, сенин Субанкулуңа, Касымыңа, Жайнагыңа окшогон дыйкандарымдын эмгегин сагынам, аларды жоктойм”- дейт. Ушул үзүндүдө Жер Эне, Толгонай менен сүйлөшкөнүндө адам баласынын улуулугун, гумандуулугун, эстүүлүгүн, адамдын колунан бардык нерсе келе тургандыгын танбай, кайра адам деген ардактуу наамды бийик көрсөтөт. Жок Толгонай сен адамсың, сен баарынан бийик, баарынан улуу жаралгансың, сен айткын, сен – адамсың! – деп адамды өзүнөн бийик даражада көрсөтөт. Ошондуктан Жер Эненин образы да ар бирибиз үчүн тарбиянын булагы.

Бекеринен Толгонай бүт замандын тарыхын, өткөн кеткендер жөнүндө: - “Баарына күбө болгон касиеттүү талаам сен жөнүндө айтып беришим керек”- дебейт. Ч.Айтматов дагы Жер Эненин образын укмуштуудай чебер, реалдуу турмушка байланыштырып берет.

Субанкул - дыйкан. Субанкул жашынан эмгек менен өсүп, эмгеги менен элдин кадырлоосуна ээ болгон адам. Ал мурда ар кимдин колунда жалданып эмгектенсе, совет бийлигинин мезгилинде эгин эгип, орок оруп эмгектенген кадимки дыйкан болот. Субанкул менен Толгонай эненин ынтымактуу жашоосуна Жер эне күбө. Субанкулдун тарбиялап өстүргөн балдары дагы дыйкан, эмгекти сүйгөн. акыл-эстүү, иштерман адамдардан болушат.

Субанкул кийин эл көзүнө көрүнүп, бригадирликке көтөрүлүп, элдин жүгүн аркалап күн-түн дебей эмгектенип жүргөндө каргашалуу согуш чыгып, армияга чакырылат. Согуштун өрттөй жалындаган жеринде эл милдетин аткарып, Ата Мекен үчүн салгылашып баатырларча курман болот.

Субанкул Толгонай эне менен ынтымактуу өмүр сүргөн, эмгекти сүйүп, татыктуу уулдарды тарбиялаган эстүү адам. Ал ар бир ак ниет адамдарды жакшы жашоо үчүн эмгек майданына аттанууга чакырык таштайт.

Алиман – Касымдын сүйүп алган жары. Толгонай эненин өз баласынан кем көрбөгөн сүйкүмдүү келини. Алимандын Касымга жасаган мамилеси, шаңкылдаган шайыр мүнөзү Толгонайдын жүрөгүн элжиретет. Алиман дагы Толгонайдын айтканын угуп, акыл – эстүүлүк менен мамиле жасайт. Тилекке каршы Касым менен Алимандын бактылуу жашоосуна кан күйгөн согуш бүлүк салат. Жаңыдан баш кошуп, оокат тиричилигин кылып келе жатканда күйөөсүн согушка узатат. Алиман бардык аялдар сыяктуу эле сүйгөн жарынын согуштан аман – эсен келишин тилейт. Тилекке каршы Касым согушта курман болот. Ал Касымга катуу кайгырат, бирок өчүн эмгек менен алууну ойлоп: “Ар бир тапкан эмгек күнүм душмандын жүрөгүнө атылган ок болуп тийсин, эмгектен пайда болгон маңдай терим душмандын жеңилишин тездетсин” - дейт. Өзүн өзү сооротуп алдыга карай умтулган кайратман кыргыз аялынын образын жаратат. Анын образында элге, энеге жагымдуу сүйкүмдүү мүнөз, адамдан артык касиети бар экендигин далидейт .

Касым, Майсалбек, Жайнак – үчөө ссовет бийлигинин мезгилинде төрөлүп, жаңы бактылуу үй – бүлөдө тарбияланышкан жаштардан. Касым эмгек майданында зор ийгилик менен иштейт. “ Ал эл четинде, жоо бетинде “ демекчи, өзү теңдүүлөр менен майданга аттанып, окко учат. Касым канча бир кишилердин эмгегине, энчисине арнап жумуш жасап берээр эле. Касым менен Субанкулду эл дагы, жер эне дагы ушинтип жоктойт. Майсалбек да окууну таштап, өз эрки менен душманга каршы майданга аттанат. Майсалбектин образын анын Толгонай энеге жазган өмүрүндөгү акыркы катын студенттерге көркөм окуп берүү менен эле ачып көрсөтсөк болот. Катта мекен үчүн берилген акыркы тапшырманы аткарганга бара турганын, душмандын талуу жерин кыйратып, өзү да жок болоору жөнүндө сыймыктануу менен айтып, бул жөн эле өлүп берүү эмес, бул өмүр сүрүүдөгү апасына, эли жерине болгон эбегейсиз сүйүүсү алар үчүн жанын берүү эбегейсиз чоң бакыт экендиги тууралуу баса белгилейт. Жайнак да комсомолдук чакырык боюнча өз эрки менен армияга кетип, дайынсыз болот. Ал дагы агалары сыяктуу жаш кезинен чыйрак, тыкан, эмгекчил, боорукер болуп өсөт. Бул каармандардын образы аркылуу жаш муундарды Мекендин кыраакы, баатыр сакчысы болуга тарбиялайбыз.

Ч.Айтматов “ Саманчынын жолу” повестинде согуштун каардуу мезгилине кайрылып, адам тагдырын терең философиялык мүнөздө баяндап берет. Чыгарманын негизинде алынган

турмуш көрүнүштөрү канчалык фантастикалык мүнөзгө ээ болбосун, чындыктан канчалык алыс жатпасын, чыгарманын студенттерге эстетикалык жактан таасир берүүсү басаңдабайт. Залкар жазуучунун чыгармаларын окуп үйрөнүү, аларды талдоо кандай татаал болбосун, изденип, чыгарманы келечек муундарга жеткиликтүү түшүндүрүп берүүнүн жаңы ыкмаларын, жолдорун замандын талабына жараша иштеп чыгуу зарыл.


**Пайдаланылган адабияттар:**

1.Ч.Айтматов ”Саманчынын жолу” повести.
2. Жигитов С. “Саманчынын жолу, адамзаттын жолу”, Ала –Тоо журналы,1968-ж,№6.
3. Борбугулов М. “ Учу кыйрысыз жол”Ала-Тоо жур.1968-ж.
4. Айтматов Ч. “ Саманчынын жолу” TYUP.NET.

**References:**

1.Ch.Aitmatov's novel ”The Milky Way".
2. Zhigitov S. ”The Milky Way, the way of mankind", journal --LLP, 1968, No. 6.
3. Borbugulov M. - - Zhur ”the road without end" LLP.1968
4. Ch. Aitmatova. The Milky Way TYUP.NET .



УДК 82-1/-9
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-10-15



**Габулова Тарана Зафаил кызы**
Нахчыван педагогикалык институту, улук окутуучу
**Габулова Тарана Зафаил кызы**
Нахчыванский педагогический институт, старший преподаватель
**Gabulova Tarana Zafail**
Nakhchivan Institute of Teachers, senior lecturer


## НАХЧИВАНДАГЫ АШУГ
## АШУГСКАЯ СРЕДА В НАХЧЫВАНЕ
## ASHUG MILIEU IN NAKHCHIVAN


**Аннотация:** Макалада байыркы тарыхка ээ болгон Нахчыван ашыктарынын чыгармачылыгы проблемасы, ошондой эле бул чыгармачылыктын калыптанган адабий чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот. Албетте, Нахчывандын ашыг чөйрөсү азербайжандык чөйрөнүн бир бөлүгү болуп, байыркы түрк пикиринин негизинде калыптанган жана айланган. Ашык чөйрөсү түрк фольклорунун эң чоң жана көп кырдуу тармагы, бул жагынан алганда улуттук менталдык ой жүгүртүүнүн ар түрдүү аспектилерин, өңүттөрүн айкыныраак чагылдырууга жөндөмдүү. Нахчыван ащыгы иаради]атынын хусуси-]]атлары эсасында бу едаби муЬитинин Азэрба]чан ауш ]арадычы-лыгындакы ]ери ве эЬэми]]эти му-аэннлэнир. Нахчывандык ашуулар бай чыгармачылык мурас калтырышкан. Бул мурас Нахчыван сыяктуу Чыгыштын байыркы маданий борборлорунда калыптанып, анда искусство, анын ичинде музыка ийгиликтуу енуккен. Бул жерде өзүнүн маданий салтын жараткан алдыңкы чөйрөлөрдүн бири – ашыгчылык өнөр болгон. Нахчывандык ашуулардын